30.08.2018
№1 пед.кеңешменин
чечими менен кабыл алынды

БЕКИТЕМИН
Мектеп директору Исанова Ж.М

**Свердлов Районунун №87 жалпы орто билим берүү мектеби**
**Календарлык план менен иш алып баруунун Жобосу:**

**1. Жалпы жобо:**

1.1 Жобо КРнын ББ мыйзамына ылайык жалпы билим берүүчү программанын аткарылышына бирдей талапка жооп берүүчү пландоонун мазмунун ишке ашырылышына жардам берет.
1.2 Календарлык план окуучуларга билим берүү ишинде негизги документ катары ар бир педагог тарабынан иштелип чыгып, колдонулат.
1.3 Календарлык план окуу процессине окуу программасынын талаптарына ылайыкталып, ар бир предметке түзүлөт, предметтин окутулушун иретке келтирип, ишке ашып жатканын камсыздоочу өзгөчө маанилүү курал.
1.4 Календарлык план-бул, ББнүн ар бир багытында күн сайын окуучулар менен иш алыа баруудагы негизги маанилүү документ.
1.5 Календарлык план окуу жылынын башында (т.а август айында) МБ кеңешмесинде каралып, ОББ тарабынан текшерилип, пед.кеңешмеде кабыл алынат да, директор тарабынан бекитилип, кол коюлуп, мөөр басылат.
1.6 Календарлык план боюнча жобо локалдык, нормативдик акт болуп эсептелет.

**2. Максаты жана тапшырмасы:**

2.1 Негизги билим берүү программасынын стандартына ылайык ар бир предметке түзүлүп, иш жүргүзүү үчүн колдонулат.
2.2 Педагогдордун системалуу түрдө эффективдүү иш алып баруусу үчүн түзүлөт.
2.3 Календарлык план ар бир предметке, ар башка (класстардын иретине жараша, м: 5-класс кыргыз тили, 6-класс кыргыз тилиж.б) түзүлүп, катар номери, өтүлүүчү темалар, сааты, мөөнөтү, жазуу иштери, сааттардын ирети, колдонулган материалдар, үй тапшырмасы өзүнчө чейректерге бөлүнүп

Сканировано с CamScanner

графаларга жазылат. Мугалим ошого жараша иш жүргүзөт.

**3. Пландоо, иш алып баруу:**

3.1 Илимий принциптерге таянуу менен календарлык план окуу китебинин темалары, окуу программалары дал келгидей түзүлүшү керек.

3.2 Календарлык план бир окуу жылына (1-сентябрдан 25-майга чейин) түзүлөт.

3.3 Календарлык план окуу режимине дал келгидей түзүлөт.

3.4 Календарлык пландын темалары менен класстык журналдын толтурулушу, күндөлүк план бирдей болушу керек.

3.5 Календарлык планы жок мугалим сабак өтүүгө болбойт.

Сканировано с CamScanner